
83.8
А 65

Ханс Кристиан АНДЕРСЕН

# ТҮРҮ СУУК ӨРДӨК



УДК 821.111-93
ББК 83.84
А 65

**Андерсен, Ханс Кристиан.**
А 65 Түрү суук өрдөк / *Котор. Н. Асанбаев* – Б.: Турар, 2023. – 24 б.

ISBN 978-9967-35-113-4

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйн… карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, … арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана … жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун с… иллюстрациялар менен коштолгон, эң популярдуу жом… сериясынан жомокчу Ханс Кристиан Андерсендин «Түр…

38356 б/ф.

РБДЮ им. К. Баялин…
ИНВ № 38356

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК


РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

ISBN 978-9967-35-113-4

© «Турар» басмасы, 2023

Илгери-илгери дарыянын жээгиндеги эски тамдын артында ата өрдөк менен эне өрдөк жашаптыр. Бир жылы жайында эне өрдөк он жумуртка басат. Он жумуртканын тогузунан жөжө чыгып, бир күрөң жумурткадан чыкпай тура берет.

Кырг
83.8
А65



Ал жумуртка башкаларынан чоңураак болчу. Эне өрдөк аны басканды улантат. Арадан дагы бир канча күн өтөт. Акыры ал жумуртка да жарылып, ичинен күрөң, түрү суук балапан чыгат.







Бир күнү эне өрдөк балапандарын көлмөгө алып барат. Көлмөдө жүргөн башка өрдөктөр түрү суук балапанды көрүп каткырып күлүшөт. Ал тургай эки балапан аны тиштегилеп кубалайт.





Байкуш куник балапан аябай капа болот. Анын түрүн көрүп Эне өрдөк: «Куак-куак! Баскыла артыман, чарбага баралы», – дейт. Балапандардын баары артынан жөнөшөт.








Байкуш балапан чарбада деле эч кимге жакпайт. Тооктор аны чокулап, короз тепкилеп, өрдөктөр тиштегилеп, чарбанын ээси болсо, көргөн жерден бир тебет. Муну көрүп байкуш өрдөк балапандарын ээрчитип үйүнө кайтат.



Бир күнү балапандар менен өрдөктөрдүн баары уктап жатканда түрү суук балапан алардын арасынан кетүүнү чечет. Ал ак түстүү өрдөктөр байырлаган башка көлмөгө барат.






Бул өрдөктөр көлмөдө ары-бери сүзүп, бакылдап жүрүшүптүр. Түрү суук балапан аларга жакындап барып: «Саламатсыздарбы?» – деп учурашат.

Өрдөктөр аны угуп кайрылып токтой калышат. Арасынан бирөө: «Саламатчылык! Ой, сен кандай куник немесиң?» – деп бакылдайт. Аны угуп бардык өрдөктөр каткырып жатып калышат. Байкуш балапан аларга да жакпасын билип, андан нары кетет.





Аңгыча кыш да келет. Туш тараптын баарын аппак кар басат. Дарыяны калың муз каптайт. Байкуш түрү суук өрдөк жалгыз калат. Ал аябай үшүп, ого бетер кайгыга батат.







Ал бир күнү дагы башка көлмөгө келет. Ал жерде күңүрт боз каздар жүрүптүр. Түрү суук балапан алар менен жакшы жашап калат. Бир күнү буларга мергенчи келип кол салат. Түрү суук балапан араң дегенде качып кутулат. Ал кайрадан жалгыз жөнөйт.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 38356



Жолдо баратып ал дыйкандын үйүнө туш болот. Дыйкан менен аялы аны өздөрү жашаган кичинекей үйгө киргизип алат. Алар балапан чоңойсо, бизге жумуртка тууп берет деп ойлошот.




Бирок алар канча күтсө да түрү суук балапан жумуртка туубайт. Ал аябай чоңойгону менен эч пайдасы тийбейт.





Дыйкан менен аялы аны жакшы көрчү. Бирок, алардын үйү аябай кичинекей эле. Ушундан улам ага орун табуу кыйын болду. Акыры дыйкан чыдабай туру суук өрдөктү кубалап жиберди. Бечара өрдөк башын мыкчыган бойдон туш келген жакка темселеп жөнөйт.





Аңгыча кыш да бүтүп, жаркылдаган жаз келет. Карлар эрип, муз каптаган көлмөлөр ачылат. Бир күнү ал туптунук суусу бар көлмөгө барат. Ал жерде бир үйүр ак куу жүрүптүр.



Түрү суук өрдөк сууну караса, анда бир татынакай ак куу турат. Көрсө ал өзүнүн чагылышкан көрүнүшү экен. Ошондо гана ал өзүнүн түрү суук өрдөк эмес, татынакай ак куу экенин билет.

40с

**Түстүү иллюстрациялар менен коштолгон,
эң популярдуу жомоктордун кыргыз тилине которулган сериясы:**

| | |
|---|---|
| **Джонатан Свифт** | **Гулливердин саякаты** |
| **Феликс Зальтен** | **Бемби** |
| **Редьярд Киплинг** | **Маугли** |
| **Льюис Кэрролл** | **Алиса укмуштар дүйнөсүндө** |
| **Жанна-Мари Лепренс де Бомон** | **Айсулуу менен Желмогуз** |
| **Филип Пулман** | **Аладдин жана сыйкырдуу чырак** |
| **Шарль Перро** | **Өтүкчөн мышык** |
| **Ханс Кристиан Андерсен** | **Түрү суук өрдөк** |
| **Шарль Перро** | **Кызыл топучан кыз** |
| **Карло Коллоди** | **Пинокkио** |
| **Бир тууган Гриммдер** | **Рапунцел** |

РБДЮ
38356 б/ф

**Ханс Кристиан АНДЕРСЕН**

# Түрү суук өрдөк

Которгон *Насыпбек Асанбаев*
Редактор *Ишенбек Султаналиев*
Компьютерде калыпка салган, көркөмдөгөн *Айжамал Борисова*

Форматы 60x84 1/8. Көлөмү 3 б. т.
Нускасы 2000. Буйрутма № 2455.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.

# ЖОМОКТОРДУН ПАЙДАСЫ АЛДА КАНЧА ЧОҢ:

- Алар фантазияны, кыял күчүн, кылдаттыкты жана кеңири ой жүгүртүүнү өнүктүрөт;
- Бала жомоктогу окуяларды ээрчип отуруп мурда көрбөгөн, билбеген жерлерин, фантастикалуу окуяларды, каармандардын келбетин, көрүнүшүн кыялында жандандырат. Бул жагынан жомокторго эч бир телеберүүлөр дагы, компьютердик оюндар дагы жетпейт;
- Балдар дайыма өздөрүн оң каармандын ордуна коёт. Образга кирип, жакшы иштерди жасоону, чынчыл, кайраттуу, тапкыч болуууну каалайт. Досторун жамандыктан куткарууну, алсыздарды коргоону үйрөнөт;
- Жакшы менен жаманды ажырата баштайт. Окуялар кандай гана терс өнүкпөсүн, жомоктор дайыма жакшы аяктайт;
- Багынбоону, аракет кылууну, каалаган тилегине жетүүнү үйрөнөт;
- Ар түрдүү тоскоолдуктарды ашып өтүүнү, өжөр, тапкыч болууну, аргасыз жагдайларда да жигердүү аракеттенүүнү үйрөнөт;
- Жомок окуу, же угуу аркылуу сөз байлыгы көбөйөт, баарлашуу жөндөмү жакшырат.

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөнү таанып, адамдардын арасындагы карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, достук, эр жүрөктүк, кыянаттык жана арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана терс каармандар бар, жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун соңу дайыма жакшы аяктайт.



Turar

9 789967 351134